УДК 338.001.36: 532.64

# КЫРГЫЗСТАНДА ИНФЛЯЦИЯ, АКЧА МАССАСЫ ЖАНА БЮДЖЕТ ТАҢСЫКТЫГЫ ОРТОСУНДАГЫ БАЙЛАНЫШ

**Абакиров Шерали**, Кыргыз-Түрк Манас университетинин студенти
<abakirovsherali10@gmail.com>
**Ганиев Жунус**, доц. м. а., Кыргыз-Түрк Манас университети
<junus.ganiev@manas.edu.kg>

# THE RELATIONSHIP BETWEEN INFLATION, MONEY SUPPLY AND THE BUDGET DEFICIT IN KYRGYZSTAN

**Abakirov Sheraly**, the Student of the Kyrgyz-Turkish Manas University
abakirovsherali10@gmail.com
Ass. Prof. Dr. **Ganiev Junus**, Kyrgyz-Turkish Manas University
<junus.ganiev@manas.edu.kg>

# ВЗАИМОСВЯЗЬ МЕЖДУ ИНФЛЯЦИЕЙ, ДЕНЕЖНОЙ МАССОЙ И БЮДЖЕТНЫМ ДЕФИЦИТОМ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Абакиров Шерали**, студент Кыргызско-Турецкого университета «Манас»
<abakirovsherali10@gmail.com>
**Ганиев Жунус**, и. о. доцента, Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
<junus.ganiev@manas.edu.kg>

**Abstract**

This article provides an empirical analysis of the relationship between inflation, the money supply and the budget deficit in Kyrgyzstan. The results showed that there is no statistically significant relationship between the broad money M2 and inflation. On the other hand, the M2X and the budget deficit have an impact on the price level in the country. In accordance with the analysis, at the end of the article, some suggestions are made to ensure price stability.

**Keywords:** inflation, money supply, budget deficit.

**Аннотация**

Эмпирический анализ взаимосвязи между инфляцией, денежной массой и бюджетным дефицитом в Кыргызстане показал, что между денежной массой М2 и инфляцией не существует статистически значимой взаимосвязи. С другой стороны, денежная масса М2Х и бюджетный дефицит имеют влияние на уровень цен в стране. Даны некоторые предложения, направленные на обеспечение стабильности цен.

**Ключевые слова:** инфляция, денежная масса, бюджетный дефицит.

## Киришүү

Инфляция экономикада баалардын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Латын тилинен келген жана “барсайып, көөп кетүү” дегенди түшүндүрөт. Инфляция өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу маселелердин бири болуп саналат. Ошондуктан инфляциянын себептерин көптөгөн илимпоздор изилдеп келүүдө. Монетаристтик экономисттердин көз карашы боюнча, инфляция ар дайым жана бүт жерде акчанын көлөмүнө байланыштуу бир көрүнүш болуп саналат. Инфляция менен күрөшүүдө акча сунушун азайтып же көбөйтүп, инфляциянын алдын алууга болот дешет. Ал эми сунуш тараптуу көз караштагы экономисттер болсо, салыктардын өндүрүш көлөмүнө, жумуштуулукка жана инвестицияларга терс таасир берээрин айткан. Салык ставкаларынын төмөндөтүлүшү

өндүрүш менен инвестициянын көлөмүнүн өсүшүнө жана натыйжада жалпы сунуштун өсүшүнүн натыйжасында баалардын туруктташуусуна алып келет дешет. Посткейнстик экономисттер болсо, инфляцияны топтордун арасындагы пикир келишпестиктин натыйжасында келип чыгат дешет. Бул пикир келишпестик жумушчулар менен ишкана ээлеринин ортосунда жүрөт. Жумушчулар эмгек акыларын көтөрүүнү талап кылышат жана жумушчулардын эмгек акысын көтөрүүнүн натыйжасында ишкана ээлери да өз пайдаларынын азайып кетүүсүнүн алдын алуу максатында өндүргөн товарларынын баасын көтөрөт. Натыйжада киреше бөлүштүрүү аракетинин аягы инфляцияга алып келет. Кейнсттик экономисттер болсо инфляцияны жалпы суроо-талаптын жалпы сунуштан көп болушуна байланыштырышат.

Бюджет таңсыктыгы – мамлекеттик чыгымдар менен мамлекеттик кирешелердин тең салмаксыздыгын, тагыраак айтканда, мамлекеттик чыгымдардын мамлекеттик кирешелерден көп болуусун чагылдырган түшүнүк. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көбүндө салык кирешелеринин өсүү темпинин мамлекеттик чыгымдардын өсүү темпинен төмөн болуусу мамлекеттин бюджетинин таңсыктыгына жана мамлекеттик карыздардын өсүүсүнө алып келүүдө. Өкмөт мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгын ар түрдүү жолдор менен жабышы мүмкүн. Мисалы, акча басуу (монетаризация), салыктандыруу (жаңы салыктарды киргизүү, салык ставкаларын жогорулатуу), карыз алуу (ички же тышкы карыздар) сыяктуу (Kesbiç vd., 2005:82).

Акча массасын, кыскача, экономикадагы жүгүртүүдөгү акчалардын топтому, акчалардын көлөмү же акчалардын саны деп айтууга болот. “Акча топтому” ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасын түшүндүрөт. Кыргызстанда алар төмөндөгүдөй:

M0 – банктардан тышкаркы акча.

M1 – M0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.

M2 – M1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.

M2X – M2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер. (КРУБ Бюллетени, www.nbkr.kg, 10/02/2017)

Бул илимий изилдөөдө инфляцияга таасир тийгизген көптөгөн факторлордун арасынан бюджет таңсыктыгы менен акча массасынын инфляцияга болгон таасирлерин Кыргызстандын 2002-2016-жылдардын аралыгындагы кварталдык маалыматтарынын негизинде эконометрикалык ыкмалар менен изилдөө максат кылынды.

**Эмпирикалык анализ жыйынтыктары**

Теорияда бюджет таңсыктыгынын инфляцияга болгон таасири ал таңсыктыктын кандай жол менен жабылганынан жана ал таңсыктыктын жалпы талапка тийгизген таасиринен көз-каранды болот. Бюджет таңсыктыгынын ички рыноктон, башкача айтканда, ички карыз менен каржылануусу жеке сектордон мамлекеттик секторго ресурстардын которулушу деген мааниге келет. Бул операция кыска мөөнөттө инфляцияга чоң таасир алып келбейт. Бирок убакыттын өтүшү менен ал карыздын жана анын пайыздарынын кайтарылышы инфляцияга алып келет (Kaya ve Öz, 2016:641) [2]. Анткени, бул жалпы суроо-талапты өстүрүшү мүмкүн.

Бюджет таңсыктыгы, акча сунушу жана инфляциянын ортосундагы байланыш тууралуу түрдүү теориялар бар. Классикалык теория, Кейнстик теория, Монетаристтик теория, Рикардо тең салмактуулук теориясы жана Баа деңгээлинин фискалдык теориясы сыяктуу көз-караштар бюджет таңсыктыгынын инфляцияга таасиринин бар экендигин кабыл алат, бирок анын таасиринин кандай жол менен болоору жөнүндө кайчы пикирлер бар (Kaya ve Öz, 2016:641) [2]. Мындай карама-каршылыктардын себеби бул көз-караштардын негизги таянган аргументтеринин бири-бирине дал келбеши менен байланыштуу деп айтууга болот.

Инфляциянын себептерин изилдеген Баа деңгээлинин фискалдык теориясы боюнча, узун мөөнөттө баалардын деңгээлине бюджет таңсыктыгы жана андан келип чыккан мамлекеттик карыздын таасири чоң болуп саналат. Башкача айтканда, баа деңгээлин акча массасы аныктабайт. Мындай учурларда инфляцияны бир гана акча-кредит саясаты менен жөнгө

салууга болбойт (Uygur, 2001:11) [3]. Демек, бааларды турукташтырууда фискалдык жана монетардык саясаттарды координациялоонун ролу чоң.

Бул багытта ар кайсы өлкөлөрдүн мисалында көптөгөн эмпирикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп келүүдө жана алынган жыйынтыктар кээде бири-бирине дал келбеген учурлар да кездешет. Бул темадагы эмпирикалык изилдөөлөрдүн кээ бирлери төмөнкүдөй.

Tekin-Koru жана Özmen (2003) [4] Түркия экономикасында бюджет таңсыктыгы, акча сунушу жана инфляциянын ортосундагы байланышты изилдеген. Бул изилдөө бюджет таңсыктыгы менен инфляциянын ортосунда түз байланыштын бар экендигин, ал эми акча сунушундагы өзгөрүү менен инфляциянын ортосунда байланыштын жоктугун аныктап, мунун монетаристтик көз-караштты четке кагаарын айтышкан. Honroyiannis жана Papapetrou (1997) [5] 1957-1993-жылдардын аралыгында Грецияда бюджет таңсыктыгынын инфляцияга кыйыр таасир тийгизгендигин аныкташкан. Altıntaş, Çetintaş жана Taban (2008) [6] Түркиянын бюджет таңсыктыгы, акча сунушу жана инфляция ортосундагы байланышты 1992:1-2006:12 мезгил аралыгындагы маалыматтар менен ARDL чектүү тестин жасаган. Бул изилдөө боюнча, аталган периоддо инфляция менен акча сунушунун ортосунда узун жана кыска мөөнөттө оң жана маанилүү байланыштын бар экендиги, ал эми бюджет таңсыктыгы менен инфляциянын ортосунда болсо узун жана кыска мөөнөттө эч кандай байланыштын жок экендиги аныкталган. Bakare, Adesanya жана Bolarinwa (2014) [7] 1975-2012-жылдардын аралыгындагы маалыматтарды колдонуп, Нигерияда бюджет таңсыктыгы, акча массасы жана инфляциянын ортосундагы байланышты изилдеген. Натыйжада бул өзгөрмөлөрдүн арасында коинтеграциялык байланыш бар экендиги аныкталган.

Бул статьяда жогорудагы эмгектерге таянып, Кыргызстанда ушул үч өзгөрмөнүн арасындагы байланышты изилдеп чыгуу максат кылынды. Бул багытта 2002:1-2016:4 мезгил аралыгындагы чейректик маалыматтар колдонулду. Керектөө бааларынын индекси (INF) жана Бюджет таңсыктыгына (DEF) тийиштүү маалыматтар КМШ өлкөлөрүнүн мамлекеттер аралык статистикалык комитетинин сайтынан алынды. Ал эми, акча массасы (M2 жана M2X акча топтомдору) Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын (КРУБ) сайтынан, ИДПга тийиштүү маалыматтар болсо Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (КР УСК) сайтынын алынды.

Андан соң өзгөрмөлөрдүн стационардуулугу текшерилди. Бирок M2 жана M2X өзгөрмөлөрүндө мезгилдик таасирлер көрүнгөндүктөн, алгач бул өзгөрмөлөр мезгилдик таасирлерден тазаланып алынды, бул өзгөрмөлөрдүн атындагы “SA” тамгалары булардын мезгилден тазаланганын көрсөтөт. Стационардуулукту текшерүүдө Кеңейтилген Dickey-Fuller (ADF) тести колдонулду.

Таблица 1 – Кеңейтилген Dickey-Fuller (ADF) тестинин жыйынтыктары

| | Баштапкы маанисинде | | | | Биринчи айырмасында | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бош коэффициент | | Бош коэффициент жана тренд | | Бош коэффициент | | Бош коэффициент жана тренд | |
| Өзгөрмө | t-маани | p-маани | t-маани | P-маани | t-маани | P-маани | | |
| INF | -5.7250 | 0.0000 | -5.6797 | 0.0001 | --------- | ------- | -------- | -------- |
| DEF | -8.8098 | 0.0000 | -9.5453 | 0.0000 | --------- | ------- | -------- | -------- |
| M2SA | -2.0336 | 0.2720 | -3.2207 | 0.0905 | -5.0174 | 0.0001 | -5.1564 | 0.0005 |
| M2XSA | -1.5900 | 0.4813 | -2.6318 | 0.2683 | -7.5156 | 0.0000 | -7.5261 | 0.0000 |
| 1% | -3.557472 | | -4.137279 | | -3.555023 | | -4.133838 | |
| 5% | -2.916566 | | -3.495295 | | -2.915522 | | -3.493692 | |
| 10% | -2.596116 | | -3.176618 | | -2.595565 | | -3.175663 | |

Эгерде ADF маанилеринин ыктымалдуулук маанилери 0,05тен кичине болсо анда ал туруктуу эмес болот. Баштапкы маанилеринде INF жана DEF өзгөрмөлөрүнүн стационардуу экендигин, ал эми M2SA жана M2XSA өзгөрмөлөрүнүн стационардуу эмес экендигин тесттин жыйынтыктары көргөзүп турат. Ал эми биринчи айырмасы алынган учурда M2SA жана M2XSA өзгөрмөлөрүнүн стационардуу абалга келгендиги аныкталды, демек инфляция

жана бюджет таңсыктыгы өзгөрмөлөрү баштапкы маанилеринде, ал эми акча топтому өзгөрмөлөрү болсо биринчи айырмасында стационардуу.

Алгач бул өзгөрмөлөрдүн арасындагы байланыш VAR (вектордук авторегрессия) модели жана Грейнджер себепкердик тести аркылуу изилденип, андан соң ARDL коинтеграция ыкмасы менен анализ кылынды.

VAR моделин түзүүдө биринчи ирээтте моделдин кечигүү узундугу таап алынды.

Таблица 2 – VAR моделинин кечигүү узундугун аныктоо

| INF, DEF, M2SA модели | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Lag | LogL | LR | FPE | AIC | SC | HQ |
| 0 | 70.51602 | NA | 1.72e-05 | -2.455128 | -2.345637 | -2.412787 |
| 1 | 98.39319 | 51.69947 | 8.68e-06 | -3.141571 | -2.703607* | -2.972207* |
| 2 | 104.0991 | 9.959334 | 9.82e-06 | -3.021784 | -2.255348 | -2.725397 |
| 3 | 121.0036 | 27.66192* | 7.43e-06 | -3.309220 | -2.214311 | -2.885810 |
| 4 | 130.9454 | 15.18383 | 7.28e-06* | -3.343467* | -1.920086 | -2.793034 |
| INF, DEF, M2XSA модели | | | | | | |
| Lag | LogL | LR | FPE | AIC | SC | HQ |
| 0 | 47.02024 | NA | 4.05e-05 | -1.600736 | -1.491245* | -1.558395 |
| 1 | 58.18012 | 20.69651 | 3.75e-05 | -1.679277 | -1.241314 | -1.509913 |
| 2 | 64.16822 | 10.45196 | 4.19e-05 | -1.569753 | -0.803317 | -1.273366 |
| 3 | 87.82796 | 38.71594* | 2.48e-05* | -2.102835 | -1.007926 | -1.679425* |
| 4 | 97.10019 | 14.16122 | 2.49e-05 | -2.112734* | -0.689353 | -1.562301 |

Биринчи моделде критерийлердин экөөсү жана анын ичинде AIC критерийи эң ылайыктуу узундук катары 4-кечигүүнү көрсөткөндүгүнө байланыштуу төртүнчү кечигүү тандалып алынды. Экинчи моделде болсо үчүнчү кечигүү ылайыктуу деп тандалып алынды.

Андан соң өзгөрмөлөр арасындагы Грейнджер себепкердик тести жасалды.

Таблица 3 – Грейджер себепкердик тести (INF, DEF, M2SA модели)

| Көз каранды өзгөрмө: INF | | | |
|---|---|---|---|
| Excluded | Chi-sq | Df | Ыктымалдуулук |
| DM2SA | 8.530933 | 4 | 0.0740 |
| DEF | 11.58403 | 4 | 0.0207 |
| All | 23.92367 | 8 | 0.0024 |
| Көз каранды өзгөрмө: DM2SA | | | |
| Excluded | Chi-sq | Df | Ыктымалдуулук |
| INF | 1.883216 | 4 | 0.7572 |
| DEF | 0.815701 | 4 | 0.9363 |
| All | 3.518197 | 8 | 0.8978 |
| Көз каранды өзгөрмө: DEF | | | |
| Excluded | Chi-sq | df | Ыктымалдуулук |
| INF | 11.07253 | 4 | 0.0258 |
| DM2SA | 9.178524 | 4 | 0.0568 |
| All | 20.78742 | 8 | 0.0077 |

Бул тесттин жыйынтыгы боюнча, 95% ишеним менен төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

- INF ↔ DEF; статистикалык жактан маанилүү 2 тараптуу Грейнджер себепкерлик бар;
- INF x DM2SA; статистикалык жактан маанилүү эч кандай Грейнджер себепкерлик жок;
- DM2SA x DEF; статистикалык жактан маанилүү эч кандай Грейнджер себепкерлик жок.

Жогорудагы тесттин жыйынтыгы боюнча, M2 акча массасы менен инфляция арасында 95% ишеним аралыгында Грейнджер себепкерликтин жоктугуна байланыштуу, акча массасы көрсөткүчү катары чет элдик валютадагы депозиттерди да камтыган кеңири маанидеги M2X акча топтомун колдонуу туура деп табылды.

Таблица 4 – Грейджер себепкердик тести (INF, DEF, M2XSA модели)

| Көз каранды өзгөрмө: INF | | | |
|---|---|---|---|
| Excluded | Chi-sq | df | Ыктымалдуулук |
| DM2XSA | 15.83615 | 3 | 0.0012 |
| DEF | 17.60294 | 3 | 0.0005 |
| All | 30.45791 | 6 | 0.0000 |
| Көз каранды өзгөрмө: DM2XSA | | | |
| Excluded | Chi-sq | df | Ыктымалдуулук |
| INF | 15.67842 | 3 | 0.0013 |
| DEF | 6.698926 | 3 | 0.0821 |
| All | 19.23645 | 6 | 0.0038 |
| Көз каранды өзгөрмө: DEF | | | |
| Excluded | Chi-sq | df | Ыктымалдуулук |
| INF | 19.09997 | 3 | 0.0003 |
| DM2XSA | 5.908445 | 3 | 0.1162 |
| All | 23.34379 | 6 | 0.0077 |

Бул тесттин жыйынтыктары төмөнкүдөй болду:

- INF↔DM2XSA; статистикалык жактан маанилүү 2 тараптуу Грейнджер себепкерлик бар.
- INF↔DEF; статистикалык жактан маанилүү 2 тараптуу Грейнджер себепкерлик бар.
- DM2XSA x DEF; статистикалык жактан маанилүү Грейнджер себепкерлик жок.

Андан соң экинчи моделдин, тагыраак айтканда, INF, DEF, M2XSA өзгөрмөлөрүн камтыган моделдин таасир-жооп анализи жана вариацияларынын бөлүнүшү каралды.

А графигинде инфляциянын өзүнүн жана башка моделге кирбеген өзгөрмөлөрдүн стандарттык четтөөдөгү шокко болгон жообу көрсөтүлгөн. Мындан инфляциянын 5-кварталга чейин оң жооп кайтарып, кайра 10-кварталга чейин терс жооп кайтараары көрүнүп турат. В графигинде болсо инфляциянын акча массасына болгон жообу 4-кварталга чейин оң, 5-6да терс, 6-7де оң, 8ден кийин терс экендиги көрүнүп турат. Ал эми, инфляциянын бюджет таңсыктыгына болгон жообу 3-кварталга чейин терс, андан кийин жалпысынан оң деп аныкталды. Жалпысынан ар бир өзгөрмөнүн тең салмактуулук абалына умтулаары көрүнүп турат.



А) INFтин INFке жообу В) INFтин DM2XSAга жообу С) INFтин DEFке жообу

Сүрөт 1. Таасир-жооп (Impulse Response) анализи

Вариация бөлүнүшүнүн жыйынтыктары төмөнкүдөй аныкталды. Инфляция 4-кварталга чейин өзүнөн жана моделде көрсөтүлбөгөн башка факторлордон көбүрөөк таасирленет. Ал эми 4-кварталда болсо өзүнөн жана моделде көрсөтүлбөгөн башка факторлордон 65%, M2X акча топтомунан болсо 17%, ал эми бюджет таңсыктыгынан болсо 18%дын тегерегинде таасирленээри көрүнүп турат. Акча массасынын тассири 10-кварталга чейин 17%дын тегерегинде сакталса, бюджет таңсыктыгынын таасири 23%га чейин жогорулайт.

Аягында бул үч өзгөрмөнүн ортосундагы байланыш коинтеграция ыкмасы аркылуу изилденди. Өзгөрмөлөр ар кайсы даражадан стационардуу болгондуктан, Pesaran ж.б. (2001) тарабынан сунушталган коинтеграция анализи колдонулду. Бул подходдо өзгөрмөлөрдүн

стационардуулук даражалары эске алынбастан, баштапкы маанилери колдонулат. Бул изилдөөдө көз-каранды өзгөрмө катары INF жана көз-каранды эмес өзгөрмөлөр катары DM2XSA жана DEF өзгөрмөлөрү колдонулуп, ARDL чектүү тести аркылуу өзгөрмөлөр арасында коинтеграция анализи жүргүзүлдү.

Таблица 5 – Вариациянын бөлүнүшү (Variance Decomposition)

| Period | S.E. | INF | DM2XSA | DEF |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2.229843 | 100.0000 | 0.000000 | 0.000000 |
| 2 | 2.324981 | 98.59324 | 0.015662 | 1.391095 |
| 3 | 2.405461 | 93.11657 | 5.463182 | 1.420244 |
| 4 | 2.877799 | 65.33001 | 16.90113 | 17.76886 |
| 5 | 2.920285 | 64.33861 | 17.28698 | 18.37441 |
| 6 | 2.964550 | 62.50121 | 16.78765 | 20.71115 |
| 7 | 2.997257 | 63.17544 | 16.48676 | 20.33780 |
| 8 | 3.056984 | 61.19122 | 15.84902 | 22.95976 |
| 9 | 3.079541 | 60.38757 | 16.89005 | 22.72238 |
| 10 | 3.088006 | 60.06924 | 17.30176 | 22.62900 |
| Cholesky Ordering: INF DM2XSA DEF | | | | |

Бул ыкмада коинтеграциянын бар же жоктугун аныктоодо Вальд тести колдонулуп, F-статистикалык мааниси эсептелет да, ал Pesaran F-маанилери менен салыштырылат. Эгер эсептелген F-статистикалык мааниси Pesaran F-маанисинин төмөнкү чегинен кичине болсо, анда өзгөрмөлөр арасында коинтеграция жок дегенди билдирет. Ал эми, эсептелинген F-статистикалык мааниси Pesaran F-маанисинин жогорку чегинен чоң болсо, анда бул өзгөрмөлөрдүн арасында коинтеграция бар деген жыйынтык чыгарылат. Эгер F-статистикалык мааниси Pesaran F-маанисинин төмөнкү жана жогорку чегинин ортосунда калса, анда мындай учурда так тыянакка келүү мүмкүн эмес, башка коинтеграция анализдерин жүргүзүп көрүү сунушталат.

Ал эми биздин моделдин чектүү тестинин жыйынтыктары төмөнкүдөй болду. Таблица 6дан көрүнүп тургандай эсептелинген F-статистикасы 5%дык көрсөткүчтөрдүн жогорку чегинен чоң болгондуктан, бул үч өзгөрмө арасында коинтеграция бар деген тыянак чыгарылды.

Таблица 6 – Коинтеграция тестинин жыйынтыгы

| F-статистикасы | Маанилүүлүк деңгээлдеринде критикалык чектер | | |
|---|---|---|---|
| | | Төмөнкү чек | Жогорку чек |
| 5.991057 | 1% | 5.15 | 6.36 |
| | **5%** | **3.79** | **4.85** |
| | 10% | 3.17 | 4.14 |

Өзгөрмөлөр арасында коинтеграциянын бар болгондуктан, аларды узун жана кыска мөөнөт аралыгында бөлүп кароого болот жана анын жыйынтыктары кийинки таблицаларда берилди.

Кыска убакыт аралыгында кээ бир өзгөрмөлөрдө коинтеграциянын бар экендиги көрүнүүдө, ECT(-1) өзгөрмөсүнүн коэффициентинин терс чыгуусу күтүлөт жана тесттин жыйынтыгы статистикалык жактан маанилүү болуп, күтүлгөн натыйжаны берди. Бул өзгөрмөнүн коэффициенти инфляциядагы кандайдыр тең салмаксыздыктын кайрадан калыбына келүү ылдамдыгын көрсөтөт. Бул жыйынтык боюнча, инфляциянын кайрадан тең салмакка келүү ылдамдыгы бир кварталда 58%ды түзөт.

Таблица 7 – Ката оңдоо модели

| Өзгөрмө | Коэффициент | Станд. ката | t-Статистика | Ыктым. |
|---|---|---|---|---|
| D(M2X_SA) | 1.103024 | 6.574706 | 0.167768 | 0.8675 |
| D(M2X_SA(-1)) | -17.314619 | 8.452457 | -2.048472 | 0.0465 |
| D(M2X_SA(-2)) | -10.611095 | 8.619124 | -1.231111 | 0.2248 |
| D(M2X_SA(-3)) | 20.802361 | 6.094276 | 3.413426 | 0.0014 |
| D(DEF) | -11.664276 | 8.515525 | -1.369766 | 0.1777 |
| D(DEF(-1)) | -11.959836 | 7.828540 | -1.527722 | 0.1337 |
| D(DEF(-2)) | -34.714125 | 8.491522 | -4.088092 | 0.0002 |
| D(DEF(-3)) | 15.023688 | 9.345410 | 1.607601 | 0.1151 |
| ECT(-1) | -0.586679 | 0.136548 | -4.296496 | 0.0001 |

Таблица 8 – Узун мөөнөттүү коэффициенттер

| Өзгөрмө | Коэффициент | Станд. ката | t- Статистика | Ыктым. |
|---|---|---|---|---|
| M2X_SA | 1.934367 | 2.662153 | 0.726618 | 0.4713 |
| DEF | 27.139342 | 27.666071 | 0.980961 | 0.3320 |
| C | 99.447183 | 2.825630 | 35.194691 | 0.0000 |

Узун мөөнөттүү коэффициенттердин t-тестинин жыйынтыгы боюнча, M2XSA жана DEF өзгөрмөлөрүнүн коэффициенттери статистикалык жактан маанисиз деп табылды. Демек, M2X акча топтому менен бюджет таңсыктыгынын инфляцияга таасири кыска мөөнөттүү гана мүнөзгө ээ жана узун мөөнөттө бул эки өзгөрмө инфляцияга таасир тийгизбейт.

**Корутунду жана сунуштар**

Бул изилдөөдө Кыргызстанда инфляция, акча массасы жана бюджет таңсыктыгынын ортосундагы байланыштар VAR модели жана ARDL коинтеграция ыкмалары аркылуу анализ кылынды. VAR анализинин негизинде Грейнджер себепкердик тести, таасир-жооп анализи жана вариациянын бөлүнүшү каралды. Грейнджер себепкердик тести инфляция менен бюджет таңсыктыгынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү эки тараптуу себепкердик бар экендигин, инфляция менен M2 акча топтому ортосунда жана, ошондой эле, M2 акча топтому менен бюджет таңсыктыгынын ортосунда да эч кандай себепкердик жок экендигин көрсөттү. Ал эми, акча массасы катары M2X акча топтому колдонулганда болсо, инфляция менен M2X акча топтому ортосунда жана инфляция менен бюджет таңсыктыгынын ортосунда эки тараптуу себепкердик бар экендиги табылды, ал эми M2X акча топтому менен бюджет таңсыктыгынын ортосунда эч кандай себепкердик аныкталган жок. Инфляцияга M2 акча топтому таасир тийгизбестен, M2X акча топтомунун таасир тийгизип жаткандыгын Кыргызстандагы доллардашуунун жогорку деңгээли менен түшүндүрүүгө болот. Вариациянын бөлүнүшүн карап көргөндө, инфляциянын өзүнөн жана моделде көрсөтүлбөгөн башка факторлордон 65%, M2X акча топтомунан болсо 17%, ал эми бюджет таңсыктыгынан болсо 18%дын тегерегинде таасирленээри аныкталды.

Коинтеграция тестинин жыйынтыгы боюнча, инфляция, M2X акча топтому жана бюджет таңсыктыгы ортосунда коинтеграциялык байланыш бар экендиги аныкталды. Бирок бул эки өзгөрмө менен инфляциянын ортосундагы байланыштык кыска мөөнөттүү экендиги жана узун мөөнөттө бул байланыштын статистикалык жактан маанисиз болуп калаары белгилүү болду.

Бул жыйынтыктарга жана жалпы байкоолорго таянып, Кыргызстандын шартында инфляцияны жөнгө салууда төмөнкү негизги маселелерге көңүл буруу зарыл деп айтууга болот:

- ички өндүрүштүн жетишсиздиги,
- импорттон көз-карандылык,
- финансы ресурстарынын кымбаттыгы жана жеткиликсиздиги,
- экономикадагы жогорку доллардашуу деңгээли,
- валюта жана товар рынокторундагы ортомчулардын көптүгү,
- негизги өндүрүш ресурстарына болгон баалардын туруксуздугу.

Негизи эле, комплекстүү чараларды көрмөйүнчө, баалардын туруктуулугун бир гана акча-кредиттик саясат менен камсыз кылууга болбойт. Инфляция менен күрөшүүдө бир гана акча-кредиттик саясатты туура жүргүзүү эмес, аны менен бирге фискалдык саясатты жана реалдуу секторду өнүктүрүү чараларын да бирге алып баруу абзел.

Колдонулган адабияттар

1. Kesbiç C.Y. Bütçe Açıkları ile Parasal Büyüme ve Enflasyon Arasındaki İlişki: Türkiye İçin Bir Model Denemesi" / C. Y. Kesbiç, E. Baldemir, E. Bakımlı // Celal Bayar Üniversitesi İktisadi ve İdari Bilimler Dergisi. – 2004. – № 11(2). – Ss. 27-39.

2. Kaya M.G. Enflasyon, Bütçe Açığı ve Para Arzı İlişkisinin Türkiye Ekonomisi Açısından Değerlendirilmesi: 1980-2014 Dönemi / M. G. Kaya, E. Öz // Yönetim ve Ekonomi. – 2016. – № 23(3). – Ss. 639-651: DOI: 10.18657/yonveek.281800

3. Uygur E. Enflasyon, Para ve Mali Baskı: İktisat Politikasında Geri Kalmışlık // İktisat İsletme ve Finans. – 2001. – № 16(189). – Ss. 7-23.

4. Tekin-Koru A. Budget deficits, money growth and inflation: the Turkish evidence / A. Tekin-Koru, E. // Özmen Applied Economics. – 2003. – № 35(5). – Pp. 591-596: DOI: 10.1080/0003684022000025440

5. Honroyiannis G. Are Budget Deficits Inflationary? A Cointegration Approach" / G. Honroyiannis, E. Papapetrou // Applied Economics Letters. – 1997. – № 4(8). – Pp. 493-496.

6. Altıntaş H. Türkiye'de Bütçe Açığı, Parasal Büyüme ve Enflasyon Arasındaki İlişkinin Ekonometrik Analizi: 1992-2006 / H. Altıntaş, H. Çetintaş, S. Taban // Anadolu Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi. – 2008. – № 8(2). – Ss.185-208.

7. Bakare I.A.O., Adesanya O.A., Bolarinwa S.A. (2014). "Empirical Investigation between Budget Deficit, Inflation and Money Supply in Nigeria" / I. A. O. Bakare, O. A. Adesanya, S. A. Bolarinwa // European Journal of Business and Social Sciences. – № 2(12). – Pp. 120-134.

8. Pesaran H.M., Shin Y., Smith R.J. (2001). "Bounds Testing Approaches to the Analysis of Level Relationships" / H. M. Pesaran, Y. Shin, R. J. Smith // Journal of Applied Econometrics. – № 16. – Pp. 289-326.

9. www.nbkr.kg

10. www.stat.kg

11. www.cistat.com.